**УДК821.**

**САЙПИДИН ЫСАК УУЛУ**
*Түндүк-Батыш педагогика университети*
*Кытай Эл Республикасы*
**САЙПИДИН ЫСАК УУЛУ**
*Северо-Западный педагогический университет*
*Китайская Народная Республика*
**SAIPIDIN YSAK UULU**
*Northwest Normal University People's Republic of China*

# ЖУСУП МАМАЙДЫН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАКШЫЛЫК АЛДЫНДА БЕЛГИ БЕРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ИЛИКТӨӨ

***Аннотация:*** *Макалада Жусуп Мамайдын варианты боюнча «Манас» эпосундагы жакшылык болоордо, кут түшөөр алдында берилген белги мисалдар менен топторго бөлүнүп талдалат, алардын пайда болуу себептери, өзгөчөлүктөрү жана кишиге же коомго тийгизген таасири, адабияттык маани-маңызы жөнүндөгү маселелер каралган. «Кут» түшүнүгүнүн чечмеленишинин бир нече варианттары берилген. Ошондой эле кыргыз элинин ишенимин, ой-тилегин, үмүтүн билдирип, ыйык туткан бата берүү жөрөлгөсү жөнүндө сөз кылынат.*

***Аннотация:****Эта статья классифицирует благоприятные знаки в эпическом произведении «Манас» в исполнении Джусупа Мамая и исследует их происхождение, особенности и их влияние на людей и общество. Обсуждение его литературного значения, а так же идет речь об обычае кыргызского народа «бата берүү», где отражается их надежды и святая вера в исполнение наилучших пожеланий. Так же дается толкование понятию «кут», свято чтимым кыргызским народом.*

***Abstract:****This article classifies auspicious signs in the epic "Manas" performed by JusupMamai and explores their origin, features, and their impact on people and society. Discussion of its literary significance, as well as the custom of the Kyrgyz people "Bata beruu", which reflects their hopes and Holy faith in the fulfillment of the best wishes. The concept of "Kut", which is revered by the Kyrgyz people, is also interpreted.*

***Урунттуу сөздөр***: *Манас эпосу; Жакшылык, Кут; Алдын ала белги берүү; адабияттык маани-маңызы, диний ишеним, тотем, психикалык абал.*

***Ключевые слова:*** *ЭпосМанас; благоденствие, благоприятные признаки, литературное значение, религиозное верование, тотем, психическое состояние;*

***Key words:*** *Epic Manas; prosperity, favorable signs, literary significance, religious belief, totem, mental state;*

«Манас»эпосунда жакшылык болоор алдында белги берүүлөрдүн түрлөрү көп, чагылдырылышы ар башка, камтыган маани-маңызы да түрдүү. Эпостогу жакшылык, ырыс, береке, кут жөнүндөгү алдын ала белги берүүлөр маңыздуу орунда турат. Бул топтогу алдын ала белги берүүлөр башка макалабызда баяндаган жамандыкты алдын ала билдирген белгилерге карама-каршы болуп жакшылык, ырыс-берекенин алдын ала билдирүүчү жышаан көрүнгөндө, келечекте жакшы иштер, ийгиликтер, жеңиштер болот. Жакшылык, ырыс-берекенин алдын ала жышаанын эпосто конкреттүү айгенеленишине карай да аларды бир нече кичүү топторго бөлүп талкуу кылабыз.

## I Жакшылык болоордогу табийгатта алдын ала белги берүүлөр(жышаан)

Башка эпостордогу баатырлар сыяктуу элеМанас баатыр төрөлөрдө күн күркүрөп, чагылган чагылып, жер чайкалып, суулар чайпалып, алай-дүлөй болот. Манас баатыр төрөлгөндөн кийин асмандагы булуттар сөгүлүп жаркырап күн тийет, табияттагы жандуулар удургуп от-чөптөр өсүп чыгат. Баатырдын жарык дүйнөгө келгенин куттуктагандай алааматтар көрүлөт. Андан башка Семетей кайтып журтуна келгенде да табийгаттатөмөндөгүдөй алдын ала белги берүүлөр болот:

*Ашкере келди бул жерге,* *Моюндарын көтөрүп,*
*АрбагыМанасколдоочу!* *Көргүн мени дегенсип,*
*Түштүк жактан сурданган,* *Турнадай болуп койкоюп,*
*Кызыл мунар арылды,* *Келе жатат төрт берен,*
*Жаркырап жерге күн тийип,* *Гүлдүн баары чатырап,*
*Күзгүдөй болуп жарыды,* *Байчечекей жер жайнап,*
*Тоонун баары оштонуп* *Булбулдар сайрап тил кайрап.*
*Көргөн жандар тааныды* *Муңдуунун көөнү ачылып,*
*Томсоргон тоолор жок болуп Көк ала майдан жер бети, Көргөндүн баары таң калды. (776-бет)*

Жогорудагы бул саптарда жандандыруу, окшотуу сыяктуу стилистикалык көркөмдүк каражаттар колдонулушу менен кошо кишини чын жүрөгүнөн кубантаарлык алдын ала жакшылык жышааны сүрөттөлөт. Булар түп тегинен караганда ошол кездеги кишилердин бактылуу турмушка, кооз келечекке деген үмүт-тилегин, арзуу-армандарын, умтулуусун чагылдырып берген. Булар бир жактан байыркы кыргыздардын алгачкы ишенимдеринин саркындысы катары саналган. Себеби ошол кезде элдер табият кубулуштарын түшүнө бербеген. Тек алгачкы ишенимдери аркылуу гана жан дүйнөсүн канаттандырган.

Эпосто баатырлар жарык дүйнөгө келгенде калың эл кубанып эле калбай, табияттагы жандуулар менен өсүмдүктөрдө да жакшылык жышааны көрсөтүлгөн. Эл-журтка тынчтык бейпилчилик орногон. Табияттагы куштар сайрап, байчечекей гүлдөр ачылган. Буга мисал төмөнкүлөр:

*Бир мыскалды Каныкей,* *Төрөп-түшүп көрбөгөн,*
*Аман-эсен төрөттү,* *Оозантып аны салышка,*
*Жерге жарык бүт түшө,* *Колуна алып Каныкей,*
*Бала жерге түшкөндө,* *Оозуна салды баланын,*
*Жарк этсенсип дүнүйө,* *Колуна Каныш алганда,*
*Чөйрөдөгү турганга,* *Эмчеги ийип зыркырап,*
*Укмуш болду көрүнөө,* *Ээ-жаа бербей эмчектен*
*Турган элден тер кетти,* *сүт куюлду шыркырап,*
*Өзүнчө туруп тердешти.* *Оозуна салса баланын,*
*Чечекей бүрүн ачыптыр,* *Эмип жатат буртулдап,*
*Булбул сайрап таңшыптыр,* *Бүткөн бою мемиреп,*
*Булагы кайнап ташыптыр,* *Каnышыңдын ошондо,*
*Молдо торгой, сандыгач,* *Уйкусу келди шылкылдап,*
*Өзүнчө сайрап атыптыр,* *Оозу жумшак ченебей,*
*Жайылып жүргөн кайбирен,* *Эмчекке жагып былкылдап,*
*Жуушап баары жатыптыр.* *Тамызбай сүттү жаш бала,*
*Бастыраарда Алмамбет,* *Жутуп жатат кылкылдап,*
*Боюмда бар күмөн деп,* *Ал аңгыча болбоду,*

*Медет берип алмаңа,*
*Жатканда аруу жалган кеп,*
*Алмамбет берген белек деп,*
*Эркек туусаң оозант деп,*
*Ала келген Арууке, Кереги*
*тийип калар деп, Арууке*
*берди Канышка, Өзүнүн*
*буга эби жок,*

*Мыскалды ажал торгоду, Күн*
*кыядан баткансып,*
*Кирпигин ирмеп каш серпип,*
*Арууке менен Каныйка,*
*Кош эмесе айткансып,*
*Сунала түштү байкушуң,*
*Бу дүйнөдөн кайткансып....*
*465-бет*

Жогорудагы саптарды карасак эпостун биринчи бөлүгүндө баатырлар чоң казаттан кайтып келе жатканда Алмамбеттин аялы менен Чубактын аялы көз жарып калат. Гүлүстөн менен Канкелди туулат. Ошондо табияттагы жан-жаныбар, өсүмдүктөрдөн тартып жансыз заттарда да коштук, кубаныч алааматтары көрүлөт. Бул алааматтарды жогорку саптарда асты сызылган сөздөр менен көрсөттүк.

Жакшылык болоордоалдын ала табийгаттагы белги берүүлөр жогоруда биз баяндаганшумдукту алдын ала билдирген начар аба-ырайы көрүнүшү аркылуу берилгенбелгиге салыштырмалуу карама-каршы алдын ала белги болуп саналат. Ошондуктан алардын пайда болуу себебин кишилердин табийгат пирлерине ишенүү түшүнүгү менен байланыштырабыз. Жакшылык болоордо табийгаттатөмөнкүдөйалдын алабелгилер болот. Мисалы: кызыл тунарыктан арылуу, жаркырап күн чыгуу, айлана жашылдыкка чулгануу, байчечекейлер жадырап ачылып чыгуу, аркыраган шамал токтоо сыяктуу. Мындай белгилер жакшылыктын жышааны болгон. Алардын туюнтулуу формасы түркүн-түстүү.

Жыйналган илимий чечмелөөлөрдү себеп-натыйжа менен обективдүү түрдө байланыштыруу кыйын. Ал көрүнүштөр обективдүү түрдө кишилердин писхикасына активдүү таасирин тийгизген. Терең ишенген кишилер үчүн бул белгилер жакшылыкка ыроолонуп бекем рух, тирек жана кубанычтын башталмасы болгон. Субъективдүү жактан эпостун көркөмдүк жана сыйкырдуу күчүн арттырууда чоң роль ойногон. Мындан башка эпосто жыйналган алдын ала белги берүүлөрдүн арасында жакшылык жышананы билдирген өсүмдүк жана жаныбарларда байкалган алдын ала белги берүүлөр да бар.

**Ⅲ Сырдуу кубулуш болоордоденедегиалдын ала белги берүүлөр (жышаан)**

Кишилердин денесинде болгондосырдуу өзгөрүүлөр да жакшылыктын жышааны болгон. Мисали, Манаска өмүр бою биргешерик болгон минген тулпары Аккуланы алгач алып келгенде, ал башында этсиз арык кула тай болгон. Ошондо Чыйырдынын эмчеги ийип сүт чыгат да ошону буудай менен аралаштырып тайга берет. Кула тай бат эле жетилип Манастын минишине жарап калат. Бул жакшылык жышааны төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

*Чыйырды айтат кептиугуп:*
*Жакып кан уккун көөн буруп,*
*Суртай мында келгели,*
*Ийип кетем эмчегим.*
*Кээ-кээсинде буулугуп,*

*Сага айтам эп көрсөң,*
*Берейин буудай деп жүрөм.*
*Эмчегим саап сүткө жууп,*
*Ырысына уулуңдун,*
*Койгон окшойт бирбээ тууп…. (27-бет)*

Жалаң гана «Манас»эпосунда эмес башка элдердин эпосторунда да ушуга окшош баатырлар менен кошо алардын келечектеги минээр тулпарлары да кошо туулган эпизоддор сакталган. Кызыктуусу ошолордо да окшош түрдөгү алдын ала белги берүүлөр болгон.
Мисалы Тибеттердин «Гисар» эпосунда Гисар баатыр төрөлөөрдө көктө күн гүркүрөп, чагылган чагылып, борошолоп учкундайт. Гомонун үйүнүн түндүгүнө укмуштуудай булут аралаш асан-үсөн түшөт. Дал ушундай укмуштуудай кезеңде Гисар баатыр дүйнөгө келип

эле калбай Гомонун топоз, кой, уй жана бээси да кошо төлдөйт[1].Бул түрдүү алдын ала белги кишилердин өнүп-өсүп, байып, бактылуу болуусуна сымоол кылынган[2]. Ушундан улам эпостордун мотивдерин салыштырып изилдөө кызыктуу ары маңыздуу тема болуп эле калбастан ушул мотивдердин ичине жашырылган алдын ала белги берүүлөрдү жыйнап салыштырып изилдөө да кишинин кызыгуусун жаратат.

Алмамбет Коңурбай менен жер талашып качып Манастын жерине келгенде да Чыйырдыда укмуштуу физологиялык кубулуш болот. Манас баатырга эмчектеш болуп бир өмүр кызматында болуп жүрүүсү ыроолонуп,байбиче мындайча кеп салат:

-*Манасым эки жашында,*
*Түш көргөн элем башында,*
*Аксаргыл атын жетелеп,*
*Алмамбет жүргөн кашында,*
*Ийип турган эмчегим,*
*Токтоп калган ал чакта,*
*Эки эмчекке сүт сактап,*
*Мен келгемин бул чак*
*Эмчектин сүтү татты,*
*Экөөнү бирдей жыргатты. (256-бет*

Отуздагы кишилердин эмчектеш болуп сүрөттөлүшү кишинин түшүнүүсүнө ылайык келбегенине карабай андагы жакшылык үмүт-тилектин көркөмдөп жуурулушу окурмандарды ого бетер жомоктун ичине сүйрөп кирет. Манастын келечектеги жакын баатыры Алмамбет үчүн Чыйырдынын эмчегинде сүт сакталып калат. Манас менен Алмамбет кездешип үйгө кайтканда Чыйырды утурлай чыгып келет. Ошондо жогорудагы алдын ала белги берүү айтылат. Мына ушуга окшош баатырлардын курал жарак жана минүүчү тулпарлары, жоролору, акылмандары, колдоочулары аны ансайын айбаттуулукка жана сырдуулукка жеткирет. Ушул мотивдердин баяндалышында эненин аян түш көрүүсү же укмуштуу физологиялык кубулуш көрүлөөлөрү чоң мааниге ээ. Себеби эпостун көркөмдүк курулмасында мотивдер мотордук ролун аткаргандай мутивдердин сырдуу жана кызыктуу болушунда алдын ала белги берүүлөр да маңыздуу ролго ээ болгон.

Кишинин денесинде шумдуктуу алааматтар көрүлүшү менен келечектеги иштердин болушу ортосунда кандайча байланышы бар экенин ачып көрсөтүү азырга дейре чечилбей келген сырдуу тема. Же балким алардын ортосунда эчкандай илимий байланыш болбостугу мүмкүн. Денедеги шумдуктуу физологиялык жана психологиялык өзгөрүүлөр илим жактан алып караганда түшүндүрүүгө татаал болгон кубулуш . Анын пайда болуу себептери түрдүү. Эпостогу кейипкерлердин психологиясында же денесинде көрүлгөн шумдуктуу өзгөрүүлөрдүн келечек ишти алдын ала билдиргенин тек гана теңирге сыйынуу түшүнүгү менен байланыштырууга болот. Жомоктордо Теңир түшүнүгү боюнча алып караганда Көкө Теңир келечекте болуучу жакшылыкты сыйынуучунун көөнүнө салган же анын денесинде белги катары көрсөткөн деген түшүнүк болгон. Ошондой эле эпосто ошого жараша кубанычтуу иштер жана окуялар да көрсөтүлгөн. Андан башка жогоруда жана денесинде өзгөчө өзгөрүүлөр пайда болгонун айтсак, бул нормалдуу жагдайга туура келбеген абалдар, мисалга эмчегинен сүт чыгып(карыган Чыйырдынын эмчегинен сүт чыгуу, Каныкейдин Күлчорону багып алганда сүт чыкканы сыяктуулар), андан кийин келечекте жакшылыктан, бакыт-таалай, берекеден алдын ала белги берген. Муну кыргыздардын акка сыйынуу (төрт түлүк малдын сүтүнөн жасалган суусундуктар же тамактарды жана эненин ак сүтүн ыйк

---

[1]Гесар эпосу кампасы, Лан Жоу: Ган Су улуттар басмасы,1976-жыл.

[2]Хе Тиян Хуй: «<Гесар> эпосундагы баштапкы маданият өзгөчөлүктөрү же кайыптан алдын белги берүү», Лан Жоу: Түндүк Батыш улуттар университети журналы(коомдук илимдер багыты) 2000.жылы, 4.сан, 69-бет.

тутуу)түшүнүгүнөн келген десек болот. Эпостордо баатырлар антташканда да «эненин сүтү урсун», «журттун тузу урсун » - деп антташкандарын далил катары келтирсе болот. Эгер байыркы кыргыздарда акты ыйын тутуу, табынуу түшүнүгү болбосо, актын атын айтып антташпас эле. Келечек жакшылык ишке да ыроолоп жышаана кылбайт болсо керек.

Бул топтогу алдын ала белги берүүлөрдүн өзгөчөлүгү, алардын туюнтулушу көп түрдүү. Денеде шумдуктуу өзгөрүүлөрдүн болуусу. Мисали: балтыр эти балактоо, эти ысуу, жүрөгү алып учуу, деми кысылуу, эмчегинен кан чыгуу; психикасында бейнормалдык көрүнүштөрдүн болуусу. Мисалы: көөнү тынчсызданат, уйкусу качат. Алдын ала белги берүүлөр кишиге анык билинет. Алар кишилердин турмушуна терс таасирин белгилүү даражада тийгизет. Себеби бул түрдөгү ишенимге терең ишенгендерде терс психикалык абал калыптанып, өзүнчө коркуу сезими пайда болуп, белгилүү даражада ички дүйнөсүндө тынчсызданууга кабылган.

### Ⅳ **Ак бата кабыл болуп, келечекте жакшылык болоорду билдирген алдын ала белгилер (жышаан)**

Табияттагы баардык заттардын ээси, пири болот, алар өздөрүнүн карамагындагы мүчөлөрүн коргоп, кырсыктардан калкала, аларга коргоочу, колдоочу, жөлөк, жолдош болуп табияттан коркпой жашоого көмөкчү болот. Тилегенин берүүгө, кырсыктардан сактоого себин тийгизет деген ишенимдеги ак баталар кыргыздардын эски түшүнүк-таанымдарында жана элдик чыгармаларында терең тамырлаган[3]. ЭпостоКөкөтөйдүн ашында төгөрөктүн төрт бурчунан жыйналган калың эл аштын шаан-шөкөттөрүнө машырканып турушат. Балбан күрөшкө жоо жактан жолой чыгат. Кыргыз жактан эч ким дай албай турат. Ошондо олуя Кошой карылыгына карабай жөө күрөшкө чыкмай болот. Кийерге шым табылбай калат. Ошондо Каныкей Манас баатырга сактап жүргөн акжаргак шымды берет. Кошой кереметтүү шымды кийип жолой менен беттешет. Жолойду жеңет, жыйынтыгындаКаникейге бата берет. Өзгө элдер да таңданып кошо бата беришет. Ошондо Каныкейдин турган жеринде төмөндөгүдөй алдын ала белги болот:

*Кыбыланы карап эр Кошой,* *Аламан колун көтөрдү,*
*Алаканын жайганы,* *Касийеттүү абакең,*
*Алтымыш уруу көп алаш,* *Кылчайбай алдын караса,*
*Булар кантип атат деп,* *Өзгө эл колун көтөрдү,*
*Каныштын алды жер чаңдап,* *Жерден чыккан топурак,*
*Колунунучун имерди,* *Бата кылып жиберди.*
*Тегеренип айланып,* *Уюлгуп барып токтоду,*
*Абакеңдин батасы,* *Жалындап кызыл чок болду,*
*Уруусу жок тийди эми,* *Күлүмсүрөп абакең:*
*Тийгенин абам билди эми,* *-сүйүнчү ,арыстан, маа болсун,*
*Тууруңа туйгун куш консун…173-бет*

Кыргыздарда бата өзгөчө орунда турган. Батанын кабыл болуп келечекте бакты-таалайлуу, ырыстуу болооруна ишенишкен. Элдин, олуялардын аксакалдардын, ата-эненин батасы баарыдан жогору орунда турган. Батанын кабыл болушу жана кабыл болбостугу нак майданда жышаанасы билинген. Мындай батаалар тек улуктарда жана олуяларда гана болгон. Ак батаны берүүдө алакан жайган адам канча көп болсо кадыр-баркы ошончо чоң

[3]Макелек Өмүрбай: «Кыргыздын ак баталары», Үрүмчү : Кызылсуу эл басмасы, 2012-жыл, 8-ай, 4-бет.

болгон[4]. «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт», «ата-эненин батасын алсаң муратыңа жетесиң» деген сөздөр кыргыздардын батаанын күчүнө канчалык ишенери анык чагылдырган. Жогорудагы саптарда асты сызылган сөздөр батанын күчү аркалуу келечекти алдын ала белги болуунун эпостогу туюнтулган далылы болуп саналат. Кыргыздарда элдик ишенимдер бекем сакталгандыктан, батааларды элдик карапайым ишенимдер жана тотемдер менен байланыштырып, анын күчүн ансайын сырдуу деп билген.

Элибизге таанылуу тилчи, манас таануучу Макелек Өмүрбай өзүнүн «Манастын акылы» деген эмгегинде эпостогу рух, тотем түшүнүгү деген бөлүктөрдө эпостун жогорудагы үзүндүлөрү аркылуу кыргыздардын рух тотем түшүнүгү менен баталардын байланышын ачып тактоого аракет жасаган. Окумуштуунун көз карашына таянсак, бата менен рух, тотем бир-бири менен тыгыз байланышта болгон. Бата элдик рух, тотем ишенимин туюнтуучу ыкма болуп, батанын ички катмарына жашырынган. Рух, тотем урпактан -урпакка уланып турган. Жогорудагы «Каныштын алды жер чаңдап, жерден чыккан топурак, тегеренип айланып, уюлгуп барып токтоп, жалындап кызыл чок» болуп Семетейдин руху өзү төрөлүүдөн мурда эле батадан бүткөн деп каралган [5]. Демек, кыргыздарда тотем, рух түшүнүгү батанын кабыл болуп, келечек иштен белги берүүсүн айгинелейт.

Бул топтогу алдын ала белги берүүлөр кишилердин рухка табынуу, тотем түшүнүгү негизинде калыптанган. Тиленүүчүнун батасы рухтарга же тотем кылынган нерселерге жеткен соң, алар тиленүүчүнү колдоп, тилектерин кабылдап, келечекте жакшылык болоорун алдын ала билдирген. Бирок мындай алдын ала билүү анык болбогондуктан тек руху дүйнөсүнө ишеним болгон. Жогорудагы Каныкейдин Кошой баштаган калың журттан бата алып алдындагы тупурак чаңдап кызыл чок болуп туруп калганынБакай жакшылыктын, батанын кабыл болгондугунун белгиси деп карап сүйүнчүлөйт. Айткандай, жомоктун экинчи бөлүгүндө Семетей дүйнөгө келет, батадан бүткөн бала деп каралат. Ал кастыкка учурап кайып болуп, дүйнөдө түбөлүк кезип кыргызды сактап, коргоп жүрөт деген ишеним бар. Бата алдын ала белги катарында экендигине илимий түшүнүк аз, эпостогу сакталуусу кенен, кишилердин ишеним даражасы күчтүү, туюнтулушу тек бата берүү түрүндө гана кездешет.

Эпосто бата түшүнүгү окуянын ар бир курамдарына сиңип кеткен. Кыргыздар батанын күчүнө бекем ишенишкен. Каргыш алуудан (тетири бата) өлгүдөй корккон. Ошондуктан бата алдын ала белги берүү катарында кишилердин жан дүйнөсүнө терең тамырлаган. Кишилерге оң энергия берип рухуна азык берип, психикалык жөлөк тирек боло алган. Жанрдын өзгөчөлүгү катарында да эпостун көркөмдүк түзүлүшүндө, окуянын өнүгүсүндө да көрүнүктүү роль ойногон.

### V **Кут түшөр алдында берилген белгилер (жышаан)**

Кут түшүнүгү жалпы түрк тилдүү элдерде сакталган. Алгачкы жазма материалдарда «Жан жана Рух[6]» манисинде келген бул сөз X кылымдардан баштап семантикалык мааниси

---

[4] Макелек Өмүрбай: «Кыргыздын ак баталары», Үрүмчү : Кызылсуу эл басмасы, 2012-жыл, 8-ай, 5-бет.

[5] Макелек Өмүрбай: «Манастын акылы», Үрүмчү : Эл басмасы, 2015-жыл, 5-ай, 581-582-беттер.

[6] Мамбеттурду Мамбетакун: «Кыргыз ооз эки маданияты жана салттык турмуш», Үрүмчү :Шин Жаң илим техника басмасы, 2009-жыл.

өзгөрүп, бакыт, таалай, байлык маанисине айланган[7]. Кыргыз эли да кутту аздектешкен. Байлык, бакты-таалай, ырыс-кенч маанисинде колдонгон. Кенжегүл Ашым кызынын «Кут сөзүнө сереп» деген тил жана котормо журналынын 2017-жылдагы 2-санында жарык көргөн макаласында «кут» сөзүн маданий түшүнүк катарында изилдеген. Ал топтогон материалга негизделгенде илгерки кыргыздарда «кут»буюму болгон. Ал калайдан жана коргошундан жасалып, түстүү жана көгүш кызыл чүпүрөккө оролуп сакталган. Түрдүү жамандык же шумдук окуялар, кырсыктар болгондо ырымдашкан. Мындан тышкарыЮдахиндин орусча-кыргызча сөздүгүндө«кут» сөзүнүн чечмеленишине мисал келтирип, бул сөз беш маани тобуна бөлүнгөн: 1.Кут - түндүктөн түшкөн жарык нур.2. Кут - коргошун же калайдан жасалып түстүү чүпүрөк менен оролгон нерсе. 3. Эпостордо айтылган "кутун салып койнуна, мылтыгын асып мойнуна" дегендеги кут. 4. Атын атаса, кутум сүйүнөт, рух-кутум учту дегендеги кут. 5. Каалоо, тилек, жакшылык маанисиндеги кут. М: конок бир консо кут, эки консо жут[8]. Буларды талдаганда кут сөзүнүн «жан, рух» жана «бакыт, таалай; байлык » сыяктуу үч негиздүү маании тобу бар экенин билебиз. Эпосто кут сөзүнүн алгачкы жана кийинки эки мааниси тең кездешет. Мисалы:«кутун салып койнуна...»; «Кут куюлган немедей....» сыяктуу. Азыркы күндөрдө да «кут» түшүнүгү эл арасында кеңири сакталган.

Адамдын өмүрүндө үч жолуу кутка кездешээрин аны ошол замат ырымдап алса кут учурап байлык дүйнөгө карк болоору айтылат. Кут түшкөндө караңгыда үйдүн ичине жапжарык нур болуп түшкөн, аны билгендер жана аны ырымдап кармап калгандар сейрек болот дешет. Эпостогу кут алдын белги берүүсүнө төмөнкү саптарды мисал катары келтиребиз:

*«Көрүнөөрбүүкмүш»-деп*
*Уктабай балта жатыптыр.*
*Бирубакта кол серпип,*
*Чоң жынды төшүн ачыптыр.*
*Чарадай жерге ак түшүп,*
*Жабык баштын үстүнө,*
*Үзүгүнө так түшүп,*

*Кут куюлган немедей,,*
*Жапжарык болуп шам күйүп,*
*Көрүп Балта күйүгүп,*
*Кооп чыкты жүгүрүп*
*Жан алы калбай сүйүнүп,*
*Жакасын кармап эшикте,*
*Жараткандын жолуна ,*
*Жетимиш кой арнады. (30-бет)*

Эпостун башкы бөлүгүндө кыргыз эли жерин өзгө элдердин басып алышы менен ээлки журттарын таштап аркайда чачылат. Байлары көз каранды болуп, малын берсе, кедейлер жалчы болуп кордук көрөт. Манастын тезирээк дүйнөгө келшин күтүшөт. Жакып байдын үйүндө Манас баатыр дүйнөгө келет. Төрөлгөндө эле бөтөнчө болуп туулган Манас тез эле эр жетет. Жоролорун ээрчитип алып Балтаны көргөнү барат. Балта билмексен болуп балдарды жөнөкөй даамдар менен эптеп курсагын тойгузуп, ичинен сынап бир укмуш болушун эңсеп жатат. Ошондо Чоң жинди (Манас баатырдын которуп койгон аты) колун серпип төшүн ачат. Нак ошол учурда жапжарык болуп шам күйүп, кут түшөт. Балта сүйүнгөндөн ырымдап курмандыкка кой чалмай болуп сыртка чыгат. Айткандай ал кут чындыкка айланып, Манас баатыр кийин кыргыздын башын бириктирип, бийлигин колго алып,эл-жерин жоодон кайтарып,кыргыз эли бейпилчиликте жашап калат. Бирок, бул жердеги кутка сыйынуудан келип чыккан алдын ала белги берүү түшүнүгүн байыркы элдердин нурга же күнгө табынуу ишениминин бир катмары экенин эстен чыгарбоо керек.

---

[7] Адыл Жуматурду, Мамбеттурду Мамбетакун, Гүлбаар Кожеш түзгөн: «Кыргыздардын элдик ишенимдери жана коом»,Пекин: Улуттар басмасы, 2009.жыл, аяк оона, 184-бет.

[8]Кенжегүл Ашым: «Кут сөзүнө сереп», Тил жана котормо, 2017-жыл, 2-сан, 31-бет.

Себеби кыргыздарда шаманизм таасири бекем сакталган. Шаманизмде аркандай жаратылыштын пири болот деп эсептелген. Демек жарыктыктын (Күндүн)да пири болгон.

Кут түшүнүгү - түндөсү нур, жарыктык формасында түндүктөн үйгө түшкөн. Илгерки кишилер нурду үмүткө, жашоого символдоштуруп, нурга табынуу психологиясы калыптанган. Себеби жарыктык кишилердин турмушу менен өтө тыгыз байланышта болгон. Кут нур (жарыктык) формасында болуп аны ошол замат байкап ырымын кылган болсо кут ошол үйдө калган. Эгер андай кылбай билбей калган болсо,анда кут түшпөй кеткен. Эпосто Манас Балта дөөнүн үйүнө барганда түндүктөн чарадай жерге ак түшүп, жабыкбашка атак түшүп деген саптар буга далил болот. Кут түшүү белгисинин тегинде объективдүү болумушту алдын ала билдирүүнүн кандай себеп-натыйжага байланышы бар экенин илимий түшүндүрүү кыйын. Анын туюнтулушу нур жарыктык формасында кездешет. Кут белгиси да кишиге алдын ала эле

оң энергия таратып, рухун көтөрмөлөп кубанычка бөлөйт. Жомоктун көркөмдүк кунарын арттырат.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1.Кытай Тилиндеги пайдаланма адабияттар: [1]Фен Жи Сай баш болуп түзгөн,Но Бу Ван Ден, Адыл Жуматурду, Сичин Батулар түзгөн: «Кытай бейзаттар маданият мурастарынынэнциклопедиясы», Пекин: Кытай адабият көркөм өнөр басмасы,2015-жыл,5-ай.

[2] Хе Цзи Хун, Чжан Гуан Хань: «Кытай кыргызларынын энциклопедиясы»,Үрүмчү: Шин Жаң эл басмасы,1998-жыл,4-ай.

[3] Сюй Мин: «Жоу Гоң түш жооруусу», Пекин: Кытай зат жабдык басмаканасы,2007-жыл,2-ай.

[4] Зигмунд Фрейд түзгөн,Е Фен которгон: «Түштүн чечмелениши», Пекин: Кытай Хуа Чиао басмасы,2013-жыл,12-ай.

[5] Гесар эросунун кампасы.Лан Жоу:Ган Су улуттар басмасы, 1976-жыл.

[6] Хе Цзи Хун, Чжан Гуан Хань: «Кыргыздардын үрп-адаттары»,Чен Ду: Се Чуан улуттар басмасы,1998-жыл,10-ай.

[7] Токон Ысак, Адыл Жуматурду, Эрзат Адыл түзгөн: «Кытай<Манас>таануу сөздүгү»,Пекин: Борбордук улуттар университети басмасы, 2017-жыл, 5-ай

[8]Адыл Жуматурду.Кытай кыргыздары, Ин Чуан:Ниң Шаэл басмасы,2011-жыл,6-ай.

2. Кыргыз тилиндеги пайдаланма адабияттар:

[1] Жүсүп Мамай: «Манас»1-жана 2- томдору, Үрүмчү: Шин Жаң эл басмасы, 2004-жыл, 7-ай.

[2] Мамбеттурду Мамбетакун:«Кыргыз ооз эки маданияты жана салттык турмуш», Үрүмчү: Шинжаң илим-техника басмасы, 2009-жыл9-ай

[3]Чаң Жиң Йү: «Кытай тилинин лексологиясы », Бейжин: Бейжин университет бас., 2009-жыл 4-ай

[4] Кайрат Токомбай, Мамбеттурду Мамбетакун «Кыргыздардын жөрөлгөлүү илим-техника маданияти», Үрүмчү: Шинжаң илим-техника саламаттыкты сактоо басмаканасы, 2001-жыл 6-ай

[5] Мамбеттурду Мамбетакун баш болуп түзгөн:«Кытай тарыхый жазмаларындагы кыргыздар», Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы, 2014-жылы 12-ай

[6] Адыл Жуматурду, Мамбеттурду Мамбетакун, Гүлбаар Кожеш түзгөн «Кыргыз элдик ишеними жана коом»[M], Бейжин: улуттар басмасы,2009-жыл аяк оона

[7] Макелек Өмүрбай:«Кыргыздин ак баталары», Үрүмчү: кызылсуу эл басмасы, 2012-жыл, 8-ай

[8] Макелек Өмүрбай:«Манастын акылы(оңдолгон нускасы)», Үрүмчү: эл басмасы, 2015-жыл, 5